УДК : 494. 341 (07)

Д.Исмаилова, А.Турдиева
*Иссыккульский институт кооперации им. акад. Алышбаева*

# ЖОЖДУН ОРУС ТАЙПАЛАРЫНА ЗАТ АТООЧТУ ОКУТУУ УСУЛУ

*Макалада кыргыз тилин өзгө тил катары окутууда грамматикалык материалдарды анын ичинен зат атооч сөз түркүмү окутуу усулу каралат. Материал ЖОЖдун орус тайпаларына ылайыкталып берилген.*

Өзгө тилди окутууда өздөштүрүлүүчү грамматикалык материалдардын көлөмү, берилүү жолдору, үйрөтүү усулу эне тилин окутуу методикасынан кыйла айырмаланат. Ал материалдарга төмөндөгүдөй талаптар койулат:

1. Окутуунун практикалык максатын жүзөгө ашырууга багытталууга тийиш.
2. Өздөштүрүүгө ыңгайлуу болуусу керек.

Эске алуучу нерсе грамматикалык материал кеп ишмердүүлүгүнүн түрлөрүн үйрөтүүдө жардамчы каражат катары гана саналат. Ал болгону кепке үйрөтүүнүн практикалык максатын ишке ашыруучу материал. Ошондуктан аларды өздөштүрүүдө анын көлөмү, окутуу жолдору окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүн, тил боюнча билген билимдерин, кептик даярдыктарын эске алып тандалат жана тилге үйрөтүүнүн практикалык максатын орундатууга, жеткиликтүү өздөштүрүүгө ыңгайлуу болушун көздөйт.

Ушул негизде грамматикалык материалдар менен төмөнкү тартипте иш алып баруу керек:

1) грамматикалык материалдардын эрежелери менен тааныштыруу, түшүндүрүү;
2) грамматикалык билгичтиктерин калыптандыруу;
3) сүйлөө практикасында колдонууга көнүктүрүү.

Ушул максатта, ЖОЖдун орус тайпаларынын студенттерине зат атоочту окутуу усулунан мисал келтирсек. Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн тайпалардагы студенттер адегенде зат атоочун эки түрү менен таанышышат: энчилүү жана жалпы ат. Студенттердин эне тилинде алган билимдерин эске алуу менен эне тилинде да зат атоочтор маанилик жагынан эки түргө бөлүнөт деп, алардын эрежеси, жазылуу өзгөчөлүктөрү (жалпы ат кичинекей тамгадан, энчилүү ат баш тамга менен жазылат) түшүндүрүлөт.

Теориялык жагынан бул эки эрежени студенттер эч кынтыксыз, тез эле кабыл алышат. Биздин башкы максатыбыз бул негиздер аркылуу студенттердин таанып билүүчүлүк ой жүгүртүүсүн өстүрүп, аларды сөздүк запасын байытуу, ошондой эле оозеки кебиндеги көнүмүштөрүн калыптандыруу болгондуктан, ушуга ылайык төмөндөгүдөй үлгүдөгү тапшырмаларды беребиз:

1. Картадан Кыргызстандагы ири шаарларды көрсөтүп, айтып бергиле.
2. Картадан Республикабыздын дарыя, көлдөрүн таап, аттарын атагыла.
3. Адамдардын аттарынан (кыргыз кыздарынын аттарынан үчтү, балдарынын аттарынан үчтү) жазып келгиле.
4. Кыргыз тилинде чыккан кайсы гезит-журналдарды билесиңер? Гезит-журналдардын аттарын дептериңерге жазгыла.
5. Шаарыбызда кыргыз баатырларынын аты менен аталган көчөлөрдү айтып бергиле. Аттарын дептериңерге жазгыла.
6. Дептериңерге төмөнкү энчилүү аттарды жазып келгиле:

а) Кыргыздын атактуу акыны, жазуучу, илимпоз, сүрөтчү, композиторлордун аттарын;
б) географиялык аталыштар;

в) астрономиялык аталыштар.

Мындай көнүгүүлөр грамматикалык материалдарды (жалпы ат, энчилүү ат) практикалык жол менен кабыл алууга көмөктөшүп, студенттердин сүйлөө көндүмдөрүн арттырууга шарт түзүп, жаңы сөздөрдү практикада колдоно билүүсүнө жеткирет. Ошону менен катар студенттердин ой жүгүртүүсүн кеңейтип, таанып билүү жөндөмдүүлүктөрүн, кызыгууларын арттырып, жардамчы сөздүктөр, адабияттар менен иштей билүүгө көнүктүрөт.

Мында өтүлө турган грамматикалык материалдардын эң орчундуусу зат атооч сөздөрдүн жөндөлүшү. Жөндөмө категориясы – зат атоочтун негизги категорияларынын бири. Кыргыз тилинде 6 жөндөмө бар. Ар бир жөндөмөнүн өзүнө тиешелүү мүчөсү бар, алардын ар бири өзүнчө грамматикалык маанини билдирет. Бул жөндөмө мүчөлөрүн тиешелүү деңгээлде үйрөтө билсек, студенттер сүйлөм ичиндеги сөздөрдүн грамматикалык байланыштарын эң сонун жүзөгө ашыра билүүсүнө жетише алабыз. Натыйжада, өз ойлорун так, түшүнүктүү, далилдүү жеткизүүгө мүмкүндүк түзүлөт. Ошондуктан алдыбызга мындай максат койдук: жөндөмөлөрдү, жөндөмө мүчөлөрүн практикалык жол менен түшүндүрүп, үйрөтүп, кепте туура колдонуусуна жетишүү. Тагырак айтсак, жөндөмөлөрдү окутууда тилге үйрөтүүнүн практикалык, коммуникативдик багыттарын башкы орунга койуп, окутуу курсун төмөнкү кадамдарга бөлүштүрдүк:

1) жөндөмөлөр, алардын мүчөлөрү менен тааныштыруу, мисал аркылуу түшүндүрүү;

2) жөндөмө мүчөлөрүн практика жүзүндө үйрөтүү;

3) аларды кепте колдоно алууга көнүктүрүү;

Мында ар бир жөндөмөгө атайын таблицалар даярдалып, анда ар биринин суроолору, мүчөлөрү мисалдар менен бирге берилет. Аларга талдоо жасоо аркылуу мүчөлөр көрсөтүлүп, түшүндүрүлөт. Мындан, албетте, кыргыз тилиндеги үндөштүк законун эске алууга тийишпиз.

Сөздүн биринчи муунунда жоон үндүү болсо, андан кийинки муундагы үндүү тыбыштар алар менен үндөшүп, жоон үндүү болорлугу; эгерде сөздүн алдыңкы муунунан ичке үндүү орун алса, соңку муундагылар ичке болорлугу (тоо + лор + го; сулуу + лук; көчө + дө; үлгүү + лүү) түшүндүрөт. Студентер окууга чейин таандык мүчөлөр менен таанышып, аларды өздөштүрүшкөн. Аларды эске түшүрүп, кайталап таандык мүчөлүү сөздөрдү табыш, жатыш, жөндөмөлөрүндө жөндөө өзгөчөлүктөрү берилет. Анткени бул жөндөмөлөрдү жеткиликтүү түрдө өздөштүрүү, туура сүйлөй билүүгө мүмкүндүк берет.

| Барыш жөндөмө |
|---|
| Кимге? Эмнеге?<br>-га (-ге) -гө (го) үндүү, уяң, жумшак үнсүз тыбыш<br>менен аяктаган сөздөрдө<br>-ка (-ке) –ко (кө) каткалаң үнсүз тыбыш менен аяктаган сөздөрдө<br>-а (-е)- о (-ө) I, II жак таандык мүчөлүү сөздөрдө<br>-на (-не) –но (-нө) III жак таандык мүчөлүү сөздөрдө<br>Мисалы: Мугалимге, калаага<br>Саатка, мектепке<br>Эжеме, досума,<br>Дептерине, агасына |

Андан соң жөндөмө мүчөлөрүн практикалык жол менен өздөштүрүүлүсүнө көңүл бурулат. Бул негизди көздөп бир катар тапшырмаларды аткаруу максатка ылайык:

1. Тексттен белгилүү бир жөндөмөгө тиешелүү болгон сөздөрдү тандап дептериңерге жазгыла.
2. Бул сүйлөмдөрдөгү чекитердин ордуна жөндөмө мүчөлөрдү улагыла.
3. Берилген сөздөргө тиешелүү жөндөмө мүчөнү улап, аларды катыштырып сүйлөм түзгүлө.
4. Текстти окугула. Белгиленген сөздөр кайсы жөндөмөдө турганын аныктагыла.

5. Бир нече сүйлөм түзгүлө, жөндөмө уланган сөздөрдү белгилеп көрсөт.
6. Бир жөндөмөдөгү сөздөрдөн ким көп мисал келтирет?
7. Кыргыз басма сөздөрүнөн жөндөмөдө төрт сүйлөм жазып келгиле.

Бир тапшырмага мисал келтирсек:

| № | Суроолору | Жооптун үлгүлөрү | Туура жооп |
|---|---|---|---|
| 1 | Көп чекиттин ордуна тиешелүү сөздү кой:<br>Мен ........... окудум<br>Адыл ..................кетти<br>Биз .................келдик | а) шаарга, китептер, Бишкектен<br>б) китепти, шаарга, Бишкектен<br>в) Бишкектен, китепте, шаардан | |
| 2 | Көп чекиттин ордуна керектүү мүчөнү ула:<br>Окуучулар мектеп .....<br>Келишти.<br>Кыргызстан.............<br>жаратылышы кооз.<br>А.Осмоновдун<br>чыгармалары...... окудум | а) –н,-дын, -ке<br>б) –ы, -ке, -дын<br>в) –ке,-дын, -н | |
| 3 | Көп чекиттин ордуна керектүү мүчө ула:<br><br>Биздин үй.........мейман келди.<br>Мен атам.......... бардым<br>Билим баары......керек | а) –ыбызга, -дыкына -үбүзгө<br>б) -үбүзгө,-дыкына, -ыбызга.<br>в) –ыбызга,-үбүзгө, -дыкына | |

Бул тапшырмалар жөндөмө мүчөлөрүн тиешелүү деңгээлде өздөштүрүүгө таасирин тийгизет. Студенттер буларды зор кызыгуу менен аткарышат. Натыйжада материалдарды тез, туура кабыл алышат жана аларды тилде орундуу, катасыз колдонууга шарт түзүлөт.

УДК 371.671.11

Т.Т. Раева, Ч.Т.Таирова

*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

## РЕВОЛЮЦИЯГА ЧЕЙИНКИ ТРАДИЦИЯЛЫК ЭСКИ ЖАНА ЖАҢЫ МЕТОД МЕНЕН ОКУТУЛГАН МЕКТЕПТЕР ЖАНА АЛАР ҮЧҮН БАСЫЛГАН ОКУУ КИТЕПТЕРИ

*Кыргызстандагы революцияга чейинки башталгыч билим берүүчү мусулман мектептеринен кеъири маалымат берүү менен, «Усили кадим» жана «Усили жадид» методдору менен окуган мектептерди иликтёёгё, ошол мектептердин окуу системасы, пайдаланылган окуу китептерин талдоого макалада кеъири орун берилди.*

Араб алфавитинин Орто Азия элдерине таралышы айрым тарыхый маалыматтарга караганда VIII кылымдан башталып, алар басып алган жерлерине соода кылуучу жайларын, армиясын жайгаштыруу менен ислам динин жана өздөрүнүн алфавитин таратышкан [5].

Революцияга чейинки башталгыч билим берүүчү мусулман мектептеринде куран жана башка диндик китептер окутулган. Мындай мектептер көбүнчө мечиттин алдында, же айрым кишилердин үйлөрүндө ачылып, молдонун акысы ата-энелердин эсебинен төлөнгөн. Мектепке кирген 7-13 жаштагы өспүрүмдөр курагына карата тайпаларга